# Өрт коопсуздугу

## Өрт коопсуздугунун эрежелерин билиниз жана сактаныз!

### Мектепте өрт чыкса эмне кылыш керек?

Мектепте адам көп болгондуктан, аларды эвакуация кылуу, адамдарды көп кабаттуу үйлөрдөн эвакуация кылууга караганда көп убакытты алат. Ошондуктан мектепте өрт чыкса, кабыл алынган чараларды ырааты менен колдонуу керек, Биринчиден- өрттөнүп жаткан бөлмөнүн эшигин жабуу керек. Эгер силер өрттү терезенин сыртынан көрсөнөр, анда ал бөлмөгө кирүүгө аракет кылбагыла. Ачык эшик түтүндү эле чыгарбастан , ошондой эле эвакуация кылууга да тосколдук кылат, күтүлбөгөн жерден кошумча абанын кириши өрттүн чоң ылдамдыкта өрчүшүнө алып келет. Тезинен айгай көтөрүп, каттуу кыйкырып , өрт жөнүндө билдирүү керек. Өрт жөнүндө жакын турган мугалимдерге же мектептин жумушчуларына билдиргиле, ал болсо, адамдарды тез аранын ичинде мектептин имаратынан эвакуация кылуу чараларын көрөт.

Өрт чыгары менен тез арада **"101"** телефонуна чалып, өрткө каршы кызматын чакыруу керек.

Өрткө каршы кызматы келген маалга биринчи кезекте төмөнкүлөрдү билдирүү зарыл:

- өрт кайсыл болмөдө болуп жатат;
- имараттын баардыгы эвакуацияланганбы?

### Өрт учурунда мектептен эвакуациялоону тартиби:

1. **Айгай** (тревога). Ар бир адам (окуучубу, мугалимби же мектеп жумушчусубу) өрт чыкканын байкагандан кийин, олку – солку болбостон өрт жөнүндө айгай көтөрүшү керек.
2. **Өрткө каршы кызматын чакыруу:** Ар кандай өрттүн чыгышы туралуу, жадакалса кичине өрт болсо, же өрт жөнүндө шек туулса өрткө каршы кызматына ыкчам ыкма менен кабарлоо керек
3. **Эвакуация:** Окуучулар айгайды уккандан кийин өздөрүнүн парталарынан туруп класска жоопту мугалимдин көрсөтүүсү менен бир – бирден классты таштап, чогулу пунктуна баруулары керек. Класстар текши, бирдей кадамдап басуулары керек . Класстык бөлмөнүн жана эвакуациянын жолундагы эвакуация учурунда колдонулбай турган башка баардык эшикерди жабу керек.
4. **Атын айтып чакыруу:** Окуучулар чогулуу жайына келээри менен тезинен атын айтып чакырууну жүргүзүү керек.

### Жалпы эрежелер:

1. **Эреже:** Жолдогу бардык эшиктерди жапкыла- муну менен силер өрттүн жолун торойсунар ( жабык эшик өрттү 15 мүнөт кармайт)
2. **Эреже:** Өрттөн качып баратып, өрт жөнүндө баардыгына эскерткиле (эч нерсе издебегиле, өрттөн тезирек кеткиле)
3. **Эреже:** Мугалимге өрт жөнүндө кабарлагыла.
4. **Эреже:** Эвакуациялангыла.
5. **Эреже:** Мектептеги же уюлдук телефондордон "101" номерин терип, өрткө каршы кызматына мектептин дареги жана өзүнөр жөнүндө (фамилясы, аты, атасынын аты, кайсыл класстын окуучусу). Так маалымат бергиле.
6. **Эреже:** Кайра артка кирбегиле силер жолдо күйүп калышынар же ыштуу газга ууланышынар мүмкүн.